УДК 159.922.7:37.015.3
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-69-73

**АБДЫМОМУНОВА Г.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫМОМУНОВА Г.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ABDYMOMUNOVA G.A.**
KNU Jusup Balasagyn

# КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРДҮН НЕГИЗИНДЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ПСИХОЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮ

# ПСИХОЭМОЦИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ ШКОЛЬНИКОВ НА ОСНОВЕ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ

# PSYCHO-EMOTIONAL DEVELOPMENT OF SCHOOLCHILDREN BASED ON AGE CHARACTERISTICS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада мектеп окуучуларынын психоэмоционалдык өнүгүүсү курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша изилденип, билим берүү процессинде ар бир жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташкан мамиленин зарылдыгы негизделет. Л.С. Выготский, Д.Б. Эльконин, Ж. Пиаже сыяктуу белгилүү окумуштуулардын теориялары негизинде окуучунун өнүгүүсүнө таасир эткен факторлор, жетекчи ишмердүүлүк жана психологиялык кризистик этаптар каралат. Мындан тышкары, ар бир курактык баскычка ылайык сунуштар берилип, педагогикалык жана ата-эне тарабынан колдоонун маанилүүлүгү баса белгиленет.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается психоэмоциональное развитие школьников с учетом возрастных особенностей. На основе теорий Л.С. Выготского, Д.Б. Эльконина, Ж. Пиаже анализируются кризисные и стабильные периоды развития, ведущие виды деятельности и их влияние на формирование личности. Представлены педагогические рекомендации по эффективной организации учебно-воспитательного процесса в соответствии с возрастом учащихся. Отмечается важность взаимодействия между родителями и учителями на разных этапах взросления детей.

**Abstract:** This article explores the psycho-emotional development of schoolchildren based on their age-specific characteristics. Drawing on theories by L.S. Vygotsky, D.B. Elkonin, and J. Piaget, it examines crisis and stable developmental periods, leading types of activity, and their impact on personality formation. The paper offers pedagogical recommendations for effectively organizing the educational process according to students' developmental stages. It also emphasizes the importance of collaboration between teachers and parents throughout children's growth.

**Негизги сөздөр:** курактык өзгөчөлүктөр; психоэмоционалдык өнүгүү; жетекчи ишмердүүлүк; мектеп окуучусу; социалдык адаптация; мотивация; билим берүү.

**Ключевые слова:** возрастные особенности; психоэмоциональное развитие; ведущая деятельность; школьник; социальная адаптация; мотивация; образование.

**Keywords:** age characteristics; psycho-emotional development; leading activity; schoolchild; social adaptation; motivation; education.

Ар бир окуучу өзүнүн индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө ээ (индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрү, интеллектуалдык ишмердүүлүгү, өзүн-өзү баалоо деңгээли, иш жөндөмдүүлүгү ж.б.). Ошол эле учурда, ар бир билим берүү баскычында окуучуларга мүнөздүү жалпы белгилер да болот.

Курактык өнүгүүнү мезгилдерге бөлүштүрүүнүн ар кандай илимий концепциялары бар. Бул багыттагы мезгилдештирүүлөрдүн авторлору катары П.П. Блонский, Л.С. Выготский, Д.Б. Эльконин жана Ж. Пиаже белгилүү. Алардын ичинен Л.С. Выготский курактык өнүгүүнүн туруктуу жана кризистик мезгилдерин өзгөчө белгилеп, төмөнкүдөй баскычтарды көрсөткөн: жаңы төрөлгөн мезгилдеги кризис; наристелик курак (2–12 ай); бир жаштагы кризис жана эрте балалык курак (1–3 жаш); үч жаштагы кризис жана мектепке чейинки курак (3–7 жаш); жети

жаштагы кризис жана башталгыч мектеп курагы (8–12 жаш); он үч жаштагы кризис; өспүрүм курак (14–18 жаш); он жети жаштагы кризис [4].Д.Б. Элькониндин пикиринде, «...кризистик мезгил жаңы психикалык түзүлүштөрдүн пайда болушуна өбөлгө түзөт жана туруктуу мезгилдеги андан аркы өнүгүүнүн негизги багытын аныктайт».[15]

Ж. Пиаже интеллектуалдык өнүгүүнүн төрт негизги мезгилин белгилеген:

- 1,5 жаштан 2 жашка чейин – символикалык жана түшүнүккө чейинки ой жүгүртүүнүн өнүгүү мезгили;
- 4 жаштан 7–8 жашка чейин – көрсөтмө-образдуу ой жүгүртүүнүн калыптаныш мезгили;
- 7–8 жаштан 11–12 жашка чейин – конкреттүү операциялар стадиясы;
- 11–12 жаштан баштап – формалдуу ой жүгүртүүнүн өнүгүү стадиясы.[10]
- Көпчүлүккө кабыл алынган мезгилдештирүү (периодизация) төмөндөгүдөй:
- мектепке чейинки куракка чейинки мезгил (3–5 жаш);
- мектепке чейинки курак (5–7 жаш);
- башталгыч мектеп курагы (7–11 жаш);
- өспүрүм курагы (11–15 жаш);
- эрте жаштык курак (15–18 жаш);
- студенттик курак (17–18 жаштан 22–23 жашка чейин) [1].

Ар бир бул курактык мезгил ар кандай факторлордун жыйындысы менен мүнөздөлөт.

Д.Б. Эльконин баланын психикалык өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлеген үч негизги факторду бөлүп көрсөткөн. Алар: баланын чоңдор менен болгон өз ара мамилесинин өзгөчө формасы катары түшүндүрүлгөн өнүгүүнүн социалдык абалы; жетекчи ишмердүүлүк түрлөрү; негизги психикалык жаңы түзүлүштөр.Ошондой эле, Эльконин жетекчи ишмердүүлүктүн алты түрүн аныктаган:

- чоңдор менен түзүлгөн түздөн-түз эмоционалдык байланыш;
- буюм-манипулятивдик ишмердүүлүк;
- ролдуу оюн;
- окуу ишмердүүлүгү;
- интимдик-жеке баарлашуу;
- окуу-кесиптик ишмердүүлүк [15].

Кенже мектеп жашындагы окуучу, биринчи кезекте, окуу ишмердүүлүгүнө болгон даярдыгы менен мүнөздөлөт (физиологиялык, психологиялык, интеллектуалдык өнүгүү деңгээли – бул анын окууга жөндөмдүүлүгүн аныктайт). Бул — кичинекей окуучунун жаңы милдеттерди өзүнө алуу жөндөмдүүлүгү, окууга болгон мотивациясынын негизин түзөт.

Бул мезгил эстетикалык кабыл алуунун, чыгармачылыктын жана жашоого болгон адеп-ахлактык-эстетикалык мамиленин калыптанышында абдан маанилүү. Бул мамиле кийин жашоосунун жүрүшүндө салыштырмалуу туруктуу бойдон кала берет.

Башталгыч мектепте окуучунун ар кандай билимдерди өздөштүрүүсүнө шарт түзгөн ойлонуу формалары өнүгөт [17]. Бул жагдай адамдын андан аркы билим алуу процессинде, айрыкча жогорку окуу жайда кесиптик даярдыктан өтүү этабында да маанилүү роль ойнойт. Психологдордун изилдөөлөрүндө азыркы жогорку окуу жайларда педагогикалык маселелерге арналган эмгектер арбын экендиги көрсөтүлүп, демек психология илиминде адамдын кесиптик ишмердүүлүгү тууралуу олуттуу теориялык иштелмелердин бар экендиги белгиленет [18].

Ошол эле учурда, кенже мектеп окуучусу окууга болгон жөндөмдүүлүк менен бирге бир катар кыйынчылыктарга да туш болот. Бул — жашоо тартибиндеги өзгөрүүлөр, классташтар жана мугалим менен болгон жаңы мамилелер. Бала бул өзгөрүүлөрдү жеңе албай, кайдыгерлик абалына кабылышы мүмкүн. Бул учурда ата-эненин эмоционалдык колдоосу жана жардам көрсөтүүсү өтө маанилүү. Ошол эле учурда мугалим да кичүү мектеп окуучусунун өзгөчөлүктөрүн эске алышы зарыл: эркиндикке умтулуусу, ички аракет планы жана ар кандай турмуштук сабактарга кабылганда аныкталган рефлексия.

Бул куракта педагог окуучунун жетекчи ишмердүүлүгүн эске алышы керек. Бул жаңы билимдерди алуу, ар түрдүү маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгүн камтыйт.

А.Н. Леонтьевдин пикири боюнча, жетекчи ишмердүүлүк төмөнкүдөй мааниге ээ:

- башка, тар мүнөздөгү ишмердүүлүктөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт;
- ар кандай функциялардын (сезүү, эстеп калуу, көңүл буруу ж.б.) жыйындысы катары интеллекттин өнүгүшүнө шарт түзөт;
- адамдын инсан катары калыптанышына алып келет [6].

Кичүү мектеп окуучусунун окуу ишмердүүлүгүнүн курамына төмөнкүлөр кирет: жазуу, окуу, компьютер менен иштөө, чыгармачылык ж.б.

Маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири — бул баланын үй-бүлө чөйрөсүнөн же бала бакчадан мектепке өтүшү. Мектеп жашындагы бала үчүн негизги авторитет да өзгөрөт: ата-эненин ордун акырындык менен мугалим ээлей баштайт. Ата-энелер бул көрүнүш үчүн баланы күнөөлөбөшү керек, анткени мындай мамиле мугалимдин кадыр-баркын төмөндөтүп, балада ата-энеге карата “жаман” же “адилетсиз” деген түшүнүктүн калыптанышына алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда мугалим окуучунун өз алдынча уюшуу жана өзүн-өзү тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, аларды топтук оюндар, кызыгуулар жана чыгармачылык иштер аркылуу өнүктүрүүгө тийиш. Бул мүмкүнчүлүктөрдү колдоо, туура багыт берүү жана педагогикалык жактан уюштурулган иш-аракеттерге активдүү тартуу зарыл.

Орто мектеп жашында (10–11 жаштан 14–15 жашка чейин) негизги ролду теңтуштар менен баарлашуу ойнойт. Жетекчи ишмердүүлүккө окуу, коомдук уюштурууучу, спорттук, чыгармачылык жана эмгек иштери кирет.

Бул мезгилде окуучу социалдык тажрыйба топтойт, өзүн коомдогу адам катары сезип, моралдык жана эстетикалык мамилелерди өздөштүрө баштайт. Коомго пайдалуу болууга жана коомдук маанилүү иштерге катышууга умтулат. Бул социалдык активдүүлүк — чоңдордун дүйнөсүндө бар жүрүм-турум нормаларын, баалуулуктарды кабылдоого болгон сезимталдык менен түшүндүрүлөт.

Д.И. Фельдштейн өзүнүн изилдөөлөрүндө өзүн-өзү таанып-билүүнүн жогорулашы “Мен – коомго карата” деген мамиленин “Мен – коомдун ичинде” жана “Мен – коом менен” деген мамилелерге өтүшү аркылуу ишке ашарын белгилеген. Окумуштуу өспүрүмдүк мезгилдин үч баскычын бөлүп көрсөтөт: локалдуу-каприздүү баскыч (10–11 жаш) — чоңдор тарабынан таанылууга болгон муктаждык менен мүнөздөлөт; “укуктук-маанилүүлүк” баскычы (12–13 жаш) — “мен да укуктуумун, мен да аткара алам, мен милдеттүүмүн” деген түшүнүктөр менен коштолот; “бекемдөө-иш-аракет” баскычы (14–15 жаш) — өзүн көрсөтүүгө жана өз күчүн далилдөөгө умтулуу менен мүнөздөлөт [14].

Бул мезгилде өспүрүм өзүнүн жакшы-жамандыгы жөнүндө түшүнүгүнө жараша аракеттенет. Командалык мамилелерге каршылык көрсөтөт, анткени алар анын жеке сезимдерин жана ойлорун эске албайт. Ошондуктан түз таасирге терс реакциялар, өжөрлүк пайда болот.

Бул өзгөчөлүктөр орто курактагы окуучуларды тартипке көндүрүүнү татаалдаштырат. Педагог өспүрүмдөрдүн туруктуу кызыгуулары, башка жыныстагы адамдар менен байланыш, өзүнүн кадыр-баркын сезүү, симпатия жана антипатия сыяктуу сезимдерди эске алышы керек.

Ошол эле учурда окуучунун ишмердүүлүгүндөгү максатты так түшүнүүсү маанилүү. Психологиялык стимулдарды максаттуу жана системалуу түрдө колдонуу зарыл. Бул куракта өспүрүм өзүнүн өзгөчөлүгүн бекемдөөгө умтулат, бул болсо таанып-билүү кызыгуусун арттырат [16].

Орто мектеп окуучусунун социалдык активдүүлүгү негизинен коомдук жүрүм-турум нормаларын жана баалуулуктарды өздөштүрүүгө багытталат. Ошондуктан окутуунун принциптерин: көйгөйлүү мамиле, диалог түзүү, индивидуализация сыяктуу ыкмаларды колдонуу зарыл. Окуу мазмуну заманбап коомдук-экономикалык шарттарга шайкеш келиши керек.

Жогорку класстагы окуучу (14–15 жаштан 17 жашка чейинки эрте жаштык курак) — жаңы коомдук шарттарга өтөт. Бул мектептен жогорку класстарга же башка билим берүү мекемелерине өтүү, жашоо образынын өзгөрүшү, кесип тандоо, референттик топтордун өзгөрүшү.

Бул мезгилде баалуулукка багытталган активдүүлүк алдыңкы орунга чыгат, анткени жаштар көз карандысыз болууга умтулушат.

И. С. Кон көрсөткөндөй, автономия маселеси — жүрүм-турум (өз алдынча чечим кабыл алуу), эмоционалдык (өз алдынча жактыруулар) жана моралдык-баалуулук (өз көз караштары) автономия түрүндө каралат [5].

Бул куракта достук, ишенимге негизделген мамилелер чоң мааниге ээ болуп, кээде сүйүүгө өтүшү мүмкүн.

Жогорку класстагы окуучу өзүнүн жашоо стратегиясын аныктоого, билим берүү багытын тандоого умтулат. Өзүн таап, кесип тандоосу көбүнчө кызыгуудан эмес, практикалык пайдалуулукка байланыштуу болот.

Жогорку класстагы окуучулардын окуу ишмердүүлүгү төмөнкү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт: өз алдынчалык, чыгармачылык, талдоо жөндөмдүүлүгү, өзүн аныктоо.

Бул жашта өз алдынча пландаштыруу жана максатка жетүү жолдорун издөө жөндөмү өнүгөт [14]. Баалуулук – мотивация чөйрөсү кеңейип, ата-эненин ролу жогорулайт. Бул — инсандык жетилүүнүн акыркы баскычы: кесипке болгон кызыгуу, теориялык ой жүгүртүү, өзүн-өзү тарбиялоо, рефлексия, умтулуу деңгээлин калыптандыруу.

В. С. Собкиндин социологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде: Москва шаарындагы XX кылымдын аягындагы жогорку класстын окуучулары коомдук жашоого активдүү аралашып, саясий жана баалуулук маселелерин өз алдынча чечүүгө умтулушкан. Алардын саясий багыты үй-бүлөнүн социалдык статусу, экономикалык абалы жана билим деңгээли менен байланышкан [13].

Балдардын өсүп-өнүгүү стадияларындагы өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу-тарбия процессин ийгиликтүү уюштуруу үчүн төмөнкүдөй багыттарды сунуштоого болот:

Кенже класстардын окуучуларын оюн аркылуу окутуу. Бул курактагы балдарда логикалык ой жүгүртүү жана системалуу иш-аракет жаңы гана калыптанып жаткандыктан, окуу процесси кызыктуу, кыймылдуу оюн элементтери менен коштолушу зарыл. Мисалы, математика сабагында ролдук оюндарды, кыска мультфильмдерди колдонуу алардын окууга болгон кызыгуусун арттырат.

Ата-эне менен мугалимдин биргелешкен колдоосу баланын мектепке ийгиликтүү адаптацияланышында өзгөчө мааниге ээ. Бул процессте ата-эне менен мугалимдин тыгыз кызматташуусу абдан маанилүү. Мисалы, балада кош көңүлдүк же кайдыгерлик белгилери байкалганда, ата-эне менен биргеликте эмоционалдык колдоо көрсөтүү жана жекече мамиле жасоо натыйжалуу болот.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү максатында сезимдерди түшүнүү жана аларды жөнгө салуу көндүмдөрүн мектеп программасына киргизүү зарыл. Мындай ыкма баланын социалдык көндүмдөрүнүн калыптанышына жана тарбиясынын бекемделишине өбөлгө түзөт. Бул үчүн арт-терапия, кыска аңгемелер боюнча талкуу жүргүзүү сыяктуу ыкмаларды колдонуу натыйжалуу деп эсептелет. Ортоңку класстын окуучулары үчүн коомдук-уюштуруучулук ишмердүүлүктөрдү активдештирүү. Бул куракта окуучунун социалдык идентификациясы күчөйт. Ошондуктан аларды класстык комитеттерге, мектеп ичиндеги долбоорлорго, кайрымдуулук акцияларына активдүү тартуу өзүн лидер катары сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Диалог аркылуу окутуу. Өспүрүмдөр көбүнчө авторитетке каршы турууга умтулушат. Ошондуктан алар менен теңата мамиле түзүү, диалог жүргүзүү жана пикир алмашуу ыкмаларын колдонуу натыйжалуу педагогикалык каражат болуп саналат.

Интернет жана социалдык медиа аркылуу окутуу. Бул куракта санариптик каражаттарга кызыгуу жогору болгондуктан, билим берүү процессинде интерактивдүү онлайн платформаларды, кыска видеолорду, викториналарды жана долбоордук иштерди колдонуу натыйжалуу болот.

Жогорку класстын окуучулары үчүн жекече билим берүү траекториясын түзүү. Жогорку класстын окуучусу өзүнүн келечектеги жолун аныктап жаткан мезгилде, ага жекече багыт берүү өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, профориентациялык тесттерди өткөрүү, ар түрдүү кесип ээлери менен жолугушууларды уюштуруу жана стажировкаларды сунуштоо максатка ылайыктуу.

Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Сабактарда талдоого негизделген тапшырмалар, дебаттар жана окуучунун жеке пикирин эркин билдирүүсүнө мүмкүндүк берген иш-аракеттер колдонулушу керек.

Коомдук активдүүлүктү колдоо. Жогорку класстын окуучуларына коомдук жана саясий процесстер тууралуу түшүнүк берүү, ошондой эле аларды мектеп ичиндеги жана мектептен тышкаркы демилгелерге тартуу өз алдынча чечим кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша билим берүү жана тарбиялоо процессине системалуу, илимий негизделген жана психологиялык-педагогикалык ыкмаларды киргизүү заманбап билим берүүнүн негизги талаптарынын бири болуп саналат. Ар бир өсүү баскычы өзүнө таандык мүмкүнчүлүктөрдү жана кыйынчылыктарды камтыйт. Ошондуктан мугалимдер, ата-энелер жана коомчулук биргелешип, ар бир курактык

этапка ылайыкташтырылган мамиле жасоосу зарыл. Мындай ыкма гана сапаттуу билим берүүнү камсыздап, келечек муунду жоопкерчиликтүү, чыгармачыл жана өз алдынча инсан катары тарбиялоого өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, ар бир курактык этап баланын психоэмоционалдык өнүгүүсүнүн өзгөчө милдеттерин камтыйт. Кенже мектеп жашындагы окуучулар үчүн негизги милдет — окууга даярдыкты калыптандыруу жана окууга болгон түрткүнү өнүктүрүү; орто мектеп жашында — социалдык активдүүлүктү арттыруу жана теңтуштар менен туура мамиле түзүү; ал эми жогорку класстарда — өз алдынчалыкты өнүктүрүү жана кесиптик багыт алууга көмөк көрсөтүү. Ар бир курактык өзгөчөлүктү эске алуу педагогдорго окуу-тарбия процессин натыйжалуу уюштурууга мүмкүндүк берип, баланы жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл инсан катары тарбиялоого шарт түзөт.

## Колдонулган адабияттар


1. Ананьев Б.Г. Особенности восприятия пространства у детей/https://www.klex.ru/hvl
2. Андрущенко, Т. Ю. Возрастная психология и возрастные кризисы: кризис развития ребенка семи лет : учебное пособие для вузов / Т. Ю. Андрущенко, Г. М. Шашлова. – 2-е изд., испр. и доп. – Москва : Издательство Юрайт, 2024. – 103 с.
3. Белкина, В. Н. Психология раннего и дошкольного детства : учебное пособие для вузов / В. Н. Белкина. – 2-е изд. – Москва : Издательство Юрайт, 2024. – 170 с.
4. Выготский Л. С. Педагогическая психология, Москва, Издательство Работник Просвещения, 1926/https://psychlib.ru/mgppu/VPp-1926/VPp-348.htm#$p1
5. Кон, *И. С.* Детство как социальный феномен // Журнал исследований социальной политики. — 2004. — Т. 2. — № 2. — С. 151—174.
6. Леонтьев А. Н. Психологические основы развития ребенка и обучения/https://www.livelib.ru/book/1000640982-psihologicheskie-osnovy-razvitiya-rebenka-i-obucheniya-a-n-leontev
7. Мандель, Б. Р. Возрастная психология : учебное пособие / Б.Р. Мандель. – 2-е изд., испр. и доп. – Москва : ИНФРА-М, 2024. – 350 с.
8. Мухина, В. С. Возрастная психология: Феноменология развития и бытия личности. В 2 т. Т. 1 : учебник для студентов ВУЗов / В. С. Мухина. – 18-е изд., перераб. и доп. – Москва : Наука, 2022. – 671 с.
9. Обухова, Л. Ф. Психология развития. Исследование ребенка от рождения до школы : учебное пособие для вузов / Л. Ф. Обухова. – Москва : Издательство Юрайт, 2024. – 275 с.
10. Пиаже Ж. Речь и мышление ребенка/https://vk.com/wall-4953157_21962
11. Рогов, Е. И. Настольная книга практического психолога в 2 ч. Часть 2. Работа психолога со взрослыми. Коррекционные приемы и упражнения : практическое пособие / Е. И. Рогов. – 4-е изд., перераб. и доп. – Москва : Издательство Юрайт, 2024. – 507 с.
12. Рогов, Е. И. Практическая психология. Работа с детьми разного возраста : практическое пособие / Е. И. Рогов. – 4-е изд., перераб. и доп. – Москва : Издательство Юрайт, 2024. – 412 с.
13. Собкин В. С.Фильм «Чучело» глазами современных школьников/https://www.koob.ru/sobkin_v_s/4u4elo_shkolniki_sobkin
14. Фельдштейн Д. И.Психология взросления. Структурно-содержательные характеристики процесса развития личности, Москва, Издательство Флинта МСПИ, 1999
15. Эльконин Д. Б.Вопросы психологии учебной деятельности младших школьников, Москва, Издательство Акакдемия педагогических наук РСФСР, 1962
16. Абдымомунова Г.А., Жолдошаалы кызы Г., Укелеева А.З., Омурова А.А. / Метод игровой терапии, направленный на снижение гиперактивности младших школьников с задержкой психического развития //Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2024, №3 (114) - стр. 373–377
17. Жуматаева, А.С., Назарбекова Б.Ж., Мураталиева П.М. Заманбап мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбия иштеринин методдору. //Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2024, №3 (114) - 136-138 бб.
18. Сулайманова, Р.Т. Педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин психологиялык жана педагогикалык илимдерде изилдениши / Р.Т. Сулайманова // Alatoo Academic Studies. – 2020. – No. 4. – P. 205-214. – DOI 10.17015/aas.2020.204.24. – EDN GDTBGL.


**Рецензент: п.и.к., доценттин м.а. Жуматаева А.С.**